(С фонд)

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 191
2.02.1999. 233 б.

Скоросшиватель

№ 1

# Шарип Коконов.

Тексттерди топтоп, иштеп жүргөн
у.и.к. С. Эмбердиева.

Хранить ____________ лет

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 191
2.02.1999
АН СССР

# Ш.Кекенов.

Ш.Кекенов Октябрь революциясы орногон мезгилде токтоно албаган боз бала эмес, өзүнүн жолу, көз карашы өсүп жетилген, калыптанып калган куракта болчу. Ошондуктан ал эч олку-солку болбостон, эки эзүүнүн ортосунда чайналып турган карапайым калктын талаамын талаша чыкты. Кат таанып, көзү ачылып келген Ш.Кекенов жаңы турмушту илгери үмүт менен тосуп турган калк көпчүлүктүн мүдөөсүн аркалап, жаңы турмуштун жалындуу жарчысы болгондугу анын басма бетинде жарык көргөн кичинекей билдирүүлөрүнөн, макалаларынан, кыргыздын көркөм адабиятына, театрына, маданиятына, мурасына, сабатсыздыкты жоюуга, жадагалса артелдештирүүгө чейинки билдирүүлөрүнөн көрүнүп турат. Элдин турмуш-жагдайын көтөрүүгө, жаңычылдыкты алардын аң-сезимине жеткирүүгө аракет кылган макалаларынын аттарын атай кетсек эле Шарип Кекеновдун жаңы турмушту таза дили менен тосуп алгандыгынан кабар алабыз: "Жамбулак айылы сайасы окууга бет бурду"[1], "Өктөбүр жана мекеме"[2], "Күздүк айдоо"[3], "Эмгекчи көзүн ачты"[4], "Гезит, журнал жана жазуучу"[5], "Бир жашка толду"[6] ж.б.

Бул макалаларына удаалаш эле Шарип Кекеновдун аңгемелери жарыяланып, көпчүлүктүн көңүлүн бура баштайт.

---

[1] Ш.Кекенов. "Жамбулак айылы сайасы окууга бет бурду"."К.К.", 1933, №99.

[2] Ш.Кекенов. "Өктөбүр жана мекеме", "Э.Т.". 1925, № 52.

[3] Ш.Кекенов. "Күздүк айдоо". Эркин Тоо, 1926, № 122.

[4] Ш.Кекенов. "Эмгекчи көзүн ачты". К.К.". 1927, № 2-5.

[5] Ш.Кекенов. "Гезит, журнал жана жазуучу". "Кызыл Кыргызстан". 1929, № 179.

[6] Ш.Кекенов. "Бир жашка толду". Эркин Тоо, 1926, № 6.

"Шарип Кекен уулу - журналчылык кызматына Кыргыз басмасы менен кошо келди. Шарип журналчылык кызматын кезит кабарларынан баштап жанытма-филитон жана чалкан матырайалдарын жазды"[I] - дейт Өмүркул Жакиш уулу. Жалаң ~~жана~~ журналчылык кесибине гана токтолбостон, ал Шарип Кекеновдун кыргыз элине, кыргыз басмасына киргизген салымына өз баасын берүү менен бирге, анын аңгемелерине да орундуу сөзүн айтып кетиптир: "Шарип аңгемени 28-29-жылдан баштап жазды. Касымаалы Байалы уулуна караганда жана да башка бир топ жазуучулардан адабийатка активтүү катышып келе жатканы"[2]. Бул сөздөрдүн канчалык негиздүү экендигин Шарип Кекеновдун журналга жарыяланган "Жайыт майданында" ("Өрүштө күрөш" деген аңгемесинен үзүндү экен) деген аңгемесиндеги: "Түштөн бери көздөй жамгыр кенектүн чоргосунан куйгандай куюп туруп, кечке маал сээлдеген. Бирок, ой-тоону жылчыксыз жөө туман каптап, уй түгүлөп жаай баштаган"[3], же болбосо: "Ала-Тоонун башынан өрттөнгөн арчанын жалынындай балбылдап чыгып келе жаткан күн..." деген сыяктуу салыштырууларына көңүл бурсак жетиштүү болоор. Ошондой эле, жогорку аталган журналга чыккан "Каракчылар" аңгемесин да алып көрсөк болот. Бул аңгеменин өзөгү Алай өрөөнүндө өтүп, жаңы замандын жаралышына жан талаша каршы чыккан бай-манаптардын жүзүн ашкерелеген экен. Аңгемени

---

[I] Өмүркул Жакиш уулу. "Кызыл Кыргызстан" гезити, 1934, № 92.
[2] Ошол эле макалада...

[3] Ш.Кекенов. "Жайыт майданында" ("Өрүштө күрөш" аңгемесинен үзүндү. "Кыргызстан кеңеш адабийаты" журналы, 1934, № I-2.

окуп баштаганда эле аның образ түзүү жагынан да жетишкендигин көрөбүз. Аңгемедеги каармандардын бир эле сөзүнөн, же болбосо, кыймыл-аракетинен эле кандай кейипкер тургандыгынан кабар алабыз: "— Силер жүрүп кеткенден кийин эстеп келдим. Эсеп жүргүзүүгө эң зарыл бир китеге керек болуп калганынан ошону алууга келген элем... деп, ар жагында бир жашырын сыр сактап турган кишиче кылтыйа түшүп, кайра арсаландап күлгөн болуп, шашкансып! – Менин бир жумушум бар эле, бүтүрүп келе койойун, бирге чыгалык, токтой тургула... дей салып, бура тартып жөнөп кетти Салымбай"[I]. Аның сөздөрүнөн, жадакалса түлкүдөй мүлтүлдөп бура тартып жөнөп кеткен кыймылынан улам эле, алдыда Кылыч менен Жаркынайды кандайдыр бир жоболоңдуу жорук күтүп турганынан кабардар болгонсуп, кооптоно баштайсың. Аңгемелеринин дээрлик бардыгында берейин деген ою так, сүйлөмдөрүнүн курулушу жөп-жөнөкөй, кадимки турмуштун ыргагында берилиптир.

Ш.Кекеновдун "Жеңиш жемиши" аттуу китебин В.И.Ленин атындагы китепкананын "Сейрек кездешүүчү өтө баалуу эмгектер" бөлүмүнөн таап, латын арибинен көчүрүп чыктым. Китеп 1934-жылы 2000+100 тираж болуп, 175 бет, б.а. 5,5 басма табак көлөмүндө жарык көргөн экен. Бул китептеги эки чыгарманын көлөмдүүсү болуп "Эмгек жортуулчулары" аттуу аңгеме эсептелет. Көлөмү, камтыган окуясы, катышкан каармандары повесттен кем калышпаса да, негедир Ш.Кекенов "узак аңгеме" деп атаптыр.

Аңгеменин мазмунун жарып өткөн кызыл сызык – колхоздоштуруу,

---

I Ш.Кекенов. "Каракчылар" ("Эмгек жортуулчулары") Кыргызстан кеңеш адабияты – 1933. № 5.

жаңы турмушка бириктешип умтулуу, сабатсыздыкты жоюу, ошондой эле эски замандын улам бир жерден сымаптай жылт эте байкалбай бут тоскондоруна каршы курешуу болуп эсептелет экен.

Аңгеменин башталышында коогаландуу кабар менен башкы каарман Кылычтын аялы Кумушай колхоз башкармасына келип, Кылычтын районго кеткен бойдон келбегенин айтат. Отургандар сестейе тушуп, мындан бир жума мурун бала тарбиялоо учун райондон жиберилген Жаркынайды да жоктошту. Ал да Кылыч менен бирге райондун борборуна кеткен эле.

"- Эмине болду дейсиң? Калаага конуп калгандыр-деп колундагы калемин устелге койуп, кулачын жайып керилип, оозун аңырдын оозундай ачып эстеди Залымбай.

- Ошондой болсо го...-деди Кумушай"[I].

Ошол эле жерден Кылыч менен Жаркынайдын устунен кылапат кебин айтып "бирге чыгабыз" десем, болбой калып калышты" деп куйтулана чагым сала койгонунан эле Залымбайдын тескери ойдогу адам экенин керебуз.

Залымбайдын образы бир талай жеткиликтуу иштелип, анын тулкуче кылтылдап, советтин кызматын аткарган киши болуп керунуп, дилинде жаңы заманга жамандык гана тилеп, колунан келишинче тоскоол кылгандыгы ~~жжжжк~~ ынанымдуу суреттелген.

Аңгемедеги оң каармандардын бири Темир: " - Кантет, куну мурун жаман жорону баштап, кой ыйлаба! Үйуңе бар, жумушуңду кыла бергин... Басмачы жерге кирсин, дайар туруптурбу... -деп, кайрат айткан болуп, Кумушайды соороту жиберди.

Бирок бул сезду айткан менен езу да жолоочулардын себепсиз

---

I Ш.Кекенов. "Жеңиш жемиши". 1934. Кырмамбас ("Эмгек жортуулчулары"